**Курбулар**

**Сөзү,обону: Сатаев Чубак**

Тектир, тектир, тектир саз ай
Тебишип ойнойт өрдөк-каз
Теңтушту теңтуш сагынса
Тегеренет экен көздөн жаш

Кайдасыңар, курбу кыздар?
Теңтуш балдар кайда алар?
Өзүңөрдү эстегенде
Тегеренет көздөн жаш
Келгилечи жолугууга, көңүл ачып отурууга
Курбулар, ансыз деле өмүр аз
Ээй, курбулар, өмүр аз

Курбу, курбу, курбу, саз ай
Куушуп ойнойт өрдөк-каз
Курбуну курбу сагынса
Куюлат экен, көздөн жаш